УДК 398(575.2)

# «МАНАС» ЭПОСУНУН БҮГҮНКҮ КҮНДӨГҮ МААНИСИ, ТАРЫХЫЙ ОРДУ

К.М.ЖУМАКАДЫРОВА
*E.mail. ksucta@elcat.kg*

*Бул макалада «Манас» эпосунун бүгүнкү күндөгү тарбиялык мааниси, гуманистик ойлору каралат жана манас айтуучулардын айтуучулук чеберчилигинин өзгөчөлүгү баяндалат.*

*В этой статье рассматривается гуманистический смысль и воспитательная роль эпоса «Манас», а также определяется особенность и мастерство сказителя-манасчи.*

*This article is considering humanistic sense and educative role of the "Manas" epos, and also it is showing peculiarity and mastership of manaschi.*

Алган орду боюнча «Манас» көркөм сөз өнөрүнүн туундусу, элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүсүнө жатат. Бекеринен «Манас» эпосун кыргыз элинин энциклопедиясы деп аташпаган чыгар. Себеби муундан-муунга өтүп келаткан бул улуу эпостун көлөмү жана мазмуну өтө бай. Эпосто тарых, жер-суунун аттары, өз ара элдердин достугу, маданияты, цивилизациясы, диний жана медициналык түшүнүктөр, улуттук каада-салт, улуттук оюндар жана башка маселелер кеңири орун алган. Ушул себептен улам биз «улуу» жана «кенже» эпос деп бөлөбүз. Башка элдерде биздин кенже эпостордун деңгээлиндеги эле эпостор менен дүйнөгө таанымал болуп жаткандыгы белгилүү. Ошол себептен биз өзүбүздүн эпостун баалуулугун туя билүүбүз зарыл. Себеби көпчүлүк жаштар өзүнүн тилине, тарыхына кайдыгер мамиле жасап жүргөнүнө күбө болуп жатабыз. Ал эми «Манас »эпосунун негизги идеясы катары Манас баатырдын эл-жердин биримдиги, боштондугу, көз карандысыздыгы үчүн өмүрүнүн аягына чейин жүргүзгөн күрөшүн жаштар туюп, кабыл алышы шарт. Белгилей кетчү нерсе, кыргыздар «Манасты» жомоктордун катарына кошушат. «Жомок» - жалпы маанидеги термин. Маани-маңызы жомоктолуп баяндоонун негизинде ыр түрүндө туюнтулган, белгилүү бир сюжетке эгедер болгон андай көркөм чыгармаларды күн чыгыш элдеринде «дастан» деген атайын термин менен да аташат. Мазмундук курулушу, формалдык белгилери жактан кыргыздар «жомок» деп атаган чыгармалар дүйнөлүк фолңклористика илиминде жалпы кабыл алынган эпос түшүнүгүнө бардык жактан туура келет. Мурда кыргыз элинде жомокторго кирүүчү көркөм чыгармалардын орчун тобун түр, түрмөктөргө бөлүп атайын ажыратуу, ар бирине өз өзгөчөлүктөрүн так эске алган мүнөздөмөлөрдү берүү иши жок болгондуктан «жомокту» атайын илимий термин катары пайдалануу, анын тутумуна кирген чыгармаларды жиктеп, топ-топторго бөлүү кыйынчылык туудурган. Ошон үчүн «Манасты» жалпы дүйнөлүк илимде кабыл алынган салтка ылайык «эпос» деп атоо менен ага мүнөздүү белгилерди ошо илимий терминдин мыйзам талаптарына ылайык кароо ыңгайлуу.

Жанрдык белгилери боюнча «Манас» - баатырдык эпос. Бирок, анын мазмуну камтыган чек, берген маалыматтарынын көлөмү баатырдык эпостун демейки салттык алкагы менен гана чектелип калбайт, андан алда канча терең жана масштабдуу. Анткени эпостун башкы темасы, өзөктүк идеясы, сюжеттик негизи элдин көз карандысыздыгы, эркиндиги үчүн болгон күрөш, кол салган душмандарга каршы кан төгүлгөн салгылаштардагы эрдик ишин даңазалоо, элдин элдигин, биримдигин, ордолуу журттун очогун өчүрбөгөн баатырлардын каармандыгын идеялизациялоо, аларды элдик идеал катары көрсөтүү, алардын таалим-тарбиялык маанисин ачуу болуп саналат. Ушул

максаттарга ылайык эпостун мазмунунда түпкү теги турмуштун өзүнөн, эл башынан өткөргөн жана өткөрүп жаткан чындык көрүнүштөргө таянган, ошол чындыктан алынып, жалпылаштырылуу аркылуу көркөм боөк менен курчалып, элестүү көрүнүшкө айландырылган түрдүү мүнөздөгү чоң жана чакан ар кандай окуяларды көркөм сөз каражаттары аркылуу нукура ыр түрүндө жомоктотуп айтып берүүгө кеңири орун берилген.

Бирок ушундай зор дөөлөтүбүз болгон эпостун тагдыры кандай болгон деген суроо туулат?

Советтик доордо «Манас» эпосу эл оозунан жыйналып, китеп болуп чыкса да ал басылмалардын нускалары ченелүү болгон. Тактап айтканда «Манас» официалдуу түрдө коммунисттик идеология тарабынан эл ичине кеңири түрдө таратылган эмес, ал тургай мектеп үчүн атайы ылайыкталып басылып чыкпаган. Мунун натыйжасында жаштар эле эмес орто жаштагы кишилер да эпос боюнча толук кабар албай калганы кейиштүү көрүнүш.Ошол себептен улам эпос боюнча толук маалыматты өз улутубузга биринчи жеткирүү биздин милдетибиз. Демек, эпос аркылуу улуттук жүзүбүздү, улуттук колоритибизди сактап андан ары келечекке умтулуу керектигин дагы бир жолу жаштардын эсине салмакчыбыз.

Эпостун мазмуну боюнча алганда элдин жашоосу жалпысынан баатырдык доордо - согуштук мезгилде өтөт, ушундай кырдаалдан улам алардын өмүр-турмушу майдан окуялары менен эриш-аркак, биримдикте сүрөттөлөт. Эл-жерди коргоо, согушка катышуу ар бир эр-азаматтын милдети катары көрсөтүлөт. Мындай иштерге ургаачылар да кадимкидей аралашканы, же баатырларга кыйын кезең келгенде кеменгердик көрсөтүп, акылы менен жол тапканы жана башка да эпостун музмунунун философиялуулугун шарттайт. Бирок «Манас» эпосунун бүтүндөй мазмуну жалаң гана жогорудагыдай согуш жана ага байланышкан көрүнүштөрдү чагылдыруудан турбайт, элдин кадимки жай турмушунун бардык жагы камтылган материалдар да негизги сюжеттик өзөктү түзөт, аны көп кырдуу окуялардын түйүнү катары көргөзөт. Чыгармада каармандарды сыпаттап мүнөздөөдө да негизинен алардын баатырдык белгилерине, эрдик сапаттарына басым жасалат. Жай турмуш сүрөттөрүнүн деталдаштырылган кеңири көрүнүштөрү эпосто атайын ушул темага арналган чоң-чоң эпизод-бөлүмдөрдө («Манастын туулушу жана балалык чагы», «Манастын кан шайланышы», «Алмамбеттин жомогу», «Манастын Каныкейге үйлөнүшү», «Көкөтөйдүн ашы», «Манастын өлүмү жана ага күмбөз салдыруу» ж.б.) чагылдырылган.

Эпостогу жай турмуш белгилерин, ага байланышкан үрп-адаттык жосундарды сүрөттөгөн эпизод-окуялар элдин жашоо-тиричилигиндеги ар кыл көрүнүштөрдү толугу менен камтып, маани-жайын чечмелеп, майда белгилерине чейин токтолуп, аларга энциклопедиялык мазмун киргизет. Кыргыз элинин ошо мезгилдеги жашоо-турмушунун диалектикасынын бардык жагы: эмнелерди башынан кечиргени, тарыхый шарты, дос-туугандык мамилеси, душман жайы, согуштук өнөрү, тиричилик ыңгайынын кандай болгону, турмуштук тажрыйбасы, ишеними ж.б. тарыхый-философиялык жалпылоолорго алынат. Эпостун сюжетине көркөм-эстетикалык касиет тартуулаган бул энциклопедиялык мүнөздөгү маалыматтар ар бир адамдын, ар бир үй-бүлөнүн, жалпы элдин күндөлүк турмушу, эртеңки тагдыры катары саналган орчун окуялардын, трагедиялык кагылыштардын негизинде элестүү чагылдырылат. «Манастын» сюжеттик курулушунун тутумуна кирген окуяларды согуштук аракеттер жана жай турмуш көрүнүштөрү деп бөлүү, чынында, шарттуу белги. Эпостун мазмуну эл абалын реалдуу чындыкка алда канча жакын чагылдыргандыктан эки учур-согуш менен жай турмуш аралаш сүрөттөлөт, б.а. жоого каршы күрөш жүрүп жатканда жашоонун бардык башка белгилери токтоп калбайт, же ошондой эле капсалаң-дүрбөлөңдөн эч кабар жок жатканда капыстан согуш башталышы да мүмкүн, кээде жашоонун бул эки көрүнүшү биринен бирине өтүп, алмашып, ал турмак аралаш деп айтарлык мүнөздө чагылдырылган учурлары өтө көп жолугат. Бул абал эл чыгармасынын калк турмушунун өзүнөн алынып, аны чындыкка

жакын чагылдыруусу менен шартташкан. «Манаста» орун албаган, сөз козголуп, көркөм чагылдырылбаган эл турмушуна, жашоо шартына, салттык жосундарына, көз караш түшүнүктөрүнө тиешелүү бир да учурду табууга мүмкүн эмес. Буга мисал-адистиги байыркы немец тилин изилдеген окумуштуу- Лондон университетинин профессору Артур Томас Хатто, «Манас» жөнүндө угуп, ага тиешелүү илимий эмгектер менен таанышып, кызыккандыктан кыргыз тилин үйрөнүп, натыйжада «Манас» боюнча көптөгөн баалуу эмгектерди жаратты жана бул багытта бүгүн да ишин улантууда.

«Манастын» тексттерин окуу аркылуу кыргыздын турмушу, үрп-адаты, салттары ж.б. менен, А.Т.Хатто канчалык деңгээлде таанышканын ал окумуштуунун жарыялаган кыргызча тексттери жана аларга берилген кыргыз, англис тилдериндеги түшүндүрмөлөрү, комментарийлери айкын далилдеп турушат.

«Манастын» терең мазмунун, андагы камтылган окуялардын өзгөчө кенен чегин жана турмуш көрүнүштөрүн баяндоо ыктарынын көп жактуулугун эске алганда, бул эпосту бир чыгарма дегенге караганда өзүнчө, толук деңгээлдеги, бүтүндөй адабияттын үлгүсү, же бери эле болгондо ошондой көркөм багыттын оозеки түрүндөгү көрүнүшү деш жөндүү да, калыстык да болмок.

Эпосто кыргыз фолңклорунун көптөгөн жанрлары синтездештирилген, ар башка түр-түркүмдөр бир-бирине жуурулушуп, чыгарманын башкы багытынын таламдарына ылайыкташтырылган жана жомоктун мазмунуна окуялардын өнүгүш жолуна жараша сиңип, өз-өз ордун алган. Кошоктордон, керээз, арман ырларынан тартып, санат-насыяттарга, макал-лакап, учкул сөз, жөө жомоктордун түрлөрүнөн тартып, уламыш, легенда, мифтерге чейинки ж.б. эң көптөгөн оозеки көркөм чыгармачылыктын үлгүлөрү эпостун мазмунунан орун алган. Бирок, «Манас» ар түркүн жанрдагы чыгармалардын, көптөгөн маалымат-кабарлардын жөнөкөй топтондусу эмес. Мазмунунун өзгөчө кенендигине, баяндоо ыктарынын ар кылдыгына карабастан ал сөз өнөрүндөгү теңдеши жок асылдыкка эгедер болгон чыгарма, анын окуялары композициялык жактан да, мазмуну боюнча да логикалык бир бүтүндүктү жаратып турат. Бардык түрдөгү окуяларды бириктирип, байланыштырып турган кызыл сызык Манас баатырдын өмүр жолу жана баатырдык иштери - эң байыркы учурларга таандык жөө жомоктук мотивдер да, чыгарманын өзөк окуяларынан мурдагы, кийинки маалыматтар да, оозеки чыгармачылыктын ар кыл түр-түркүмдөрүнүн үлгүлөрү да ушул башкы максатка ылайыкташтырылган, баш ийдирилген. «Манастын» окуяларынын кенендик чеги, ар кыл мүнөзү чыгарманын сюжеттик нугунан да таасын көрүнөт:  Ар бир элдин жараткан көрүнүктүү эпостук чыгармасын маанисине жана камтыган маалыматтарынын чегинин кенендигине карата ошол калктын жалпы турмушунун көркөм энциклопедиясы деп атоо, фольклористика илиминде мурдатан кабыл алынган салттык көрүнүштөрдүн биринен. Мындай аныктаманы Ч.Валиханов, В.В.Радлов ж.б. көрүнүктүү изилдөөчүлөрдүн бардыгы берип кеткен.

«Манас» эпосунун сюжеттик мазмунунан келип чыккан эгемендүүлүк, көз карандысыздык, боштондук идеялары кийинки муундар үчүн баа жеткис мурас. Эпостогу Манас баатырдын образы-чачылган кыргыз элинин башын бириктирип, тартырып ийген жерлерин кайтарып алууда таасын көрүнөт. Бул албетте Алтайдагы кыргыздарды Таласка көчүрүп келүү эпизодунда берилет.

Эпос бир канча тарбиялык теманы камтыйт. Мамлекеттүүлүк жана аны чыңдоо, коргоо, патриоттук мазмундагы көрүнүктүү каармандар: Кошой, Чубак, Сыргак, Манас баатырдын образы аркылуу эл-жерге кызмат кылуунун жогорку өрнөгү болот. Ал эми элдик акылмандык Бакай, Каныкей, Акбалтанын образында таамай  көрүнөт. Чындыгында бул инсандар Манастын ар бир ишинде туура жолго багыттап, баалуу кеп-кеңешин берип турушкан. Булар менен бирге эле эпосто адамгерчилик, боорукерлик, айкөлдүк, марттык, ата-энеге урмат, аялзатын сыйлоо, адилеттүүлук жана башка руханий-патриоттук, адеп дөөлөттөрүн жаш муундарды тарбиялоо ишинде пайдалануунун зарылдыгы келип чыгат.

Эпостогу Ата-журтка чыккынчылык темасы –Абыке-Көбөш алты арам, Көзкамандар окуясы эпизоддорунан көрүнөт. Бул чыккынчылыктын ыплас, начар сапаты катары элдик эпос тарабынан айыпталышы байкалат. Ошондой эле эмгек, эмгекчилдик сапаттын даңазаланышы да көрүнүп турат.

«Манаста» биринчи иретте ата журт ыйык, анын боштондугу, эркиндиги, көз карандысыздыгы ыйык, эне тили ыйык. Ала Тоонун бүтүндүгү, ак калпак журттун биримдиги ыйык. Акыйкатка негизделген достук ыйык. Калайык калктын жогоку кызыкчылыктары ыйык. Мекен алдындагы парз, атуулдук ар-намыс ыйык. Абалтан уланып келе жаткан ата-баба салты ыйык. Улууну урматтаган, аялзатын ардактаган эреже, меймандостук нарк ыйык. Эң негизгиси ак мөңгүдөй таза абийир, адеп-ыйман ыйык. «Манас эпосу мына ушундай ыйык дөөлөттөрдү, бийик идеалдарды, патриоттук-ыймандык нарктарды илгертен сары майдай сактап, көк асабадай желбиретип көтөрүп, укумдан-тукумга өткөзүп келген.» Кыскача айтканда Манас руху жан дуйнөлөрүнө орногон.

Манастын жети осуяты. *1.Эл-журттун ажырагыс бүтүн-дүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден коп чыгарган бирим-диги. 2. Улут аралык ынпгымак, доспгук жана кызматпташтык.3.Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет. 4.Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакыбат дөөлөткө умтулуу. 5. Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк. 6.Табият менен таттуу мамиледе болуу.*
*7. Кыргыз мамлекеттигин чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.*

Ар тараптуу асылбаа, ыйык рух кенчтери карманар, тутунар саясий,этикалык, патриоттук туу катары калайык турмушунун пайдубалында, кыргыз мамлекетинин фундаментинде жатышы милдет. Кыргыз республикасынын ар бир жаранынын руху Манастын ушул осуят-дөөлөттөрү менен сугарылышы керек. Бул үчүн «Манастын» мазмуну, тил байлыгы үй-бүлөдөн баштап, бала бакчалардын, мектептердин, лицейлердин, гимназиялардын, колледждердин, орто жана жогорку окуу жайларынын программаларынан туруктуу орун ээлеши керек. Ушул максатта улуу эпос басмалардан көптөгөн нускалар менен басылып чыгып, Ата-журт аймагына кеңири таратылышы зарыл.

«Манастын» нарктарын эл арасына кеңири жайылтуу милдетин мекеме, уюмдар, официалдуу органдар, комитеттер, аппараттар, басма сөз, үналгы, сыналгы, мамлекеттик бийлик - бардыгы тең активдүү колго алганы ылайык.

Жети осуят баш болгон улуттук рухий мүлктөрүбүздү, көөнөрбөс нускаларын жаш муундарыбыздын кенедейинен жан дүйнөлөрүнө сиңирип тарбияласак, эгерде биздин уул-кыздарыбыз, XXI кылымдын кадрлары, жалпы адамзаттык нормаларды, дүйнөлүк илим-билимди, алдыңкы технологияны өздөштүрүп, ошону менен бирге, өздөрүнүн адеп-ыйманы, руху, патриотизми, гуманизми жагынан Манас Атага, Бакайга, Каныкейге окшош болсо, Семетейдей, Айчүрөктөй ар-намыстуу болсо, анда Ала-Тоолук ак калпак кыргыз эли адамзаттын дүйнөлүк көчүнө өзүнүн улуттук жүзү, руханий наркы менен татыктуу кошулары анык болор эле.

«Манасты» жараткан, өркүндөтүп, мазмунун кеңейтип, көркөмдүгүн арттырган, укумдан-тукумга өткөрүп сактап келген элдик таланттардын өзүнчө тобун манасчылар деген атайын наам менен аташат. «Манасчы» - жаңы термин, кесип ээлеринин өнөрү дифференциялануунун натыйжасында кечээ жакында эле Октябрь революциясынан кийин пайда болгон, ага чейин кыргыздар эпосторду «жомок» деп атагандыктан «Манас» айткан өнөр ээлерин «жомокчу» аташкан.Жомокчу-манасчылар көркөм сөз өнөр ээлеринин арасындагы атайын топ, талантынын мүнөзү боюнча ыр түрүндөгү эпикалык чыгармалар жаратуу жөндөмүнө ээ адамдар. Бул белгиси жактан манасчылар ырчыларга жакын турат. Бирок, өзү жараткан төл чыгармасын эл алдында аткарган ырчылардан айырмаланып, манасчылар даяр чыгарманы – эпостун мурдатан калкка кеңири белгилүү материалдарын аткарышат. Ушул абал ырчы менен манасчынын чыгармачылыгындагы орчундуу чоң айырманы шарттайт. Манасчы да чыгармачыл инсан, көркөм сөз өнөрүнүн ээси, алардын ар бири өз дараметине, талант деңгээлине жараша эпоско салымын кошот, чыгарманын

мазмун-формалык белгилерин тактап, өнүктүрүп, жомок дайым эл сүйгөн жана кызыгып уккан чыгармачылык деңгээлин бөксөртпөй сактап туруусун камсыз кылат. Бирок, манасчынын чыгармачылык күчү эң алды менен «Манастын» мурдатан келе жаткан салтык белгилерин терең өздөштүрүүгө жана аларды бузбай, бурмалабай так аткарууга багытталган.Демек, манасчылык өнөрдүн чечүүчү мааниге ээ негизги белгиси – чыгармачылыгындагы салттуулук, мурдатан калыптанган көптөгөн таланттардын табылгасы болгон көркөм ык, көркөм каражаттарга таянуу, аларды кеңири пайдалануу, даяр сюжетти негизинен ошолордун жардамы менен баяндоо. Манасчынын өнөр ээси катарындагы кадыр-баркы, кесиптик деңгээли ушул салттуулук талабын канчалык даражада чебер жүзөгө ашыра алуусу менен шартташкан.

Талант деңгээлине жараша манасчылар үйрөнчүк, чала манасчы, чыныгы манасчы, чоң жомокчу делип бөлүнүшөт.

«Манас» эпосунун өсүп-өнүгүшүндө ар биринин өз варианты бар, чыгарманын мазмунун кеңейтип, көркөмдүгүн арттыруу багытында салым кошкон чыныгы манасчылардын, айрыкча зор талант ээлери чоң жомокчулардын ролу зор.

Зор талант ээси чоң жомокчулардын түзгөн мыкты варианттын өз репертуарына кеңири пайдаланып, алардын ишин улантып, жолун жолдоочулары чыгып, натыйжада манасчылык өнөрдүн өзүнчө мектептери жаралат. Илимге Тыныбектин мектеби (күрүнүктүү өкүлү Сагымбай Орозбак уулу), Чоюкенин мектеби (көрүнүктүү өкүлү Саякбай Каралаев) таанымал.Таланты күчтүү манасчылар «Манастын» өзүнчө бир вариантын түзүүгө жетишет. Ошондуктан эпостун ар кыл варианттарында манасчылардын дүйнөгө көз караштары, стилдик өзгөчөлүктөрү көрүнүп турат. Дүйнөлүк эпостордун ичинен мазмуну э бай жана көлөмдүү зор эпос болгондуктан, манасчылар эпосту бир нече күн айтышкан. Алар окуялардын ыраатуулугун, каармандардын, жер-суу аттарын ж.б. компоненттерди жатка билишет да, өзүнүн акындык шыгы менен окуялардын жүрүшүн төгүп айта берет. Манасчылардын көбүндө учурай берүүчү орток саптар, окшош сүрөттөөлөр ж.б. туруктуу даяр көркөм каражаттар кездешет. Мисалы, Балык ырчы, Тыныбек жомокчу чоң манасчылык деңгээлге жеткиче бир нече чыгармачылык баскычтан өтүшкөн. Эпосту өздөрүнүн манасчылык чеберчилиги менен аткарууга жетише алган Назар, Чоюке, Тыныбек, Келдибек, Акылбек, Тоголок, Сагымбай, Саякбай, Молдобасан, Жусуп Мамай ж.б. көптөгөн манасчылар бизге белгилүү. Булардын ичинен 1922-1926-жылдары жазылып алынган Сагымбай Орозбак уулунун варианты Жана 1936-1947-жылдары кагазга түшүрүлгөн Саякбай Карала уулунун варианты китеп болуп окурмандарга тартууланган. Сагымбайдын «Манасы» - 180378 сап ырдан, Саякбайдын вариантңнда «Манас» бөлүмү – 84513 сап ырдан, «Семетей» бөлүмү – 136157 сап ырдан, «Сейтек» бөлүмү – 85697 сап ырдан турат. Кытайлык манасчы Жусуп Мамайдын варианты 18 том китеп болуп чыккан. Кыргызстанда бир топ манасчылардын варианттары кураштырылып, кошулуп, өзүнчө төрт китеп болуп жарык көргөн. Азыр манасчылык өнөр анча өнүкпөгөнү менен эл арасында «Манас» айткандар жолугат. Бирок ушундай зор дөөлөтүбүз болгон эпостун тагдыры кандай болгон деген суроо туулат? Советтик доордо «Манас» эпосу эл оозунан жыйналып, китеп болуп чыкса да ал басылмалардын нускалары ченелүү болгон.Тактап айтканда «Манас» официалдуу түрдө коммунисттик идеология тарабынан эл ичине кеңири түрдө таратылган эмес, ал тургай мектеп үчүн атайы ылайыкталып басылып чыкпаган.Мунун натыйжасында жаштар эле эмес орто жаштагы кишилер да эпос боюнча толук кабар албай калганы кейиштүү көрүнүш. Ошол себептен улам эпос боюнча толук маалыматты өз улутубузга биринчи жеткирүү биздин милдетибиз. Демек, эпос аркылуу улуттук жүзүбүздү, улуттук колоритибизди сактап андан ары келечекке умтулуу керектигин дагы бир жолу жаштардын эсине салмакчыбыз.

**Адабияттар**

1. Айтматов Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. «Манас». С.Орозбаковдун варианты боюнча 1-китеби. Ф., 1978. С.Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш, 1-китеп. Б., 1995, 3-4 бб.
2. Киргизский героический эпос «Манас». – М., 1961.35-38 бб.
3. «Манас» - героический эпос киргизского народа. – Ф., 1968.42 б.
4. Мамытбеков З.. Абдылдаев Э. «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери. Ф., 1966.-110б.
5. «Манас» энциклопедиясы. 1-том. – Б., 1995.- 440 бб.
6. «Манас» энциклопедиясы. 2-том. – Б., 1995. - 432 бб.
7. Байгазиев.С. Улуу «Манас» улутубуздун дил жана тил бешиги. – Б.:1995 – 3-4 бб.
8. Иманалиев К. Саякбай /Гений жөнүндө баллада/ Б.:Бийиктик, 2010. - 296 б.